ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин

№8 кезектеги жыйынынын протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

02.06.2025

Ош шаары, ЭМФ

Төрага – Р. К. Калматов

Катчы – Н. М. Ташматова

Катышкандар: 23

**КҮН ТАРТИБИ:**

**3.** 2024–2025-окуу жылы үчүн Эл аралык медицина факультетинин кафедра башчыларынын ишмердигинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы боюнча отчету

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, медицина илимдеринин доктору, профессор Р.К. Калматов Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынында кафедра башчыларына сөз берди. Жыйында Эл аралык медицина факультетинин кафедра башчыларынын 2024–2025-окуу жылы ичиндеги ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн иштер угулду. Берилген маалыматтарда кафедралардын кадрдык потенциалын чыңдоо, билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн активдештирүү, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү багытында аткарылган иштердин жыйынтыктары чагылдырылды.

**Сөзгө чыкты:**

м.и.д. Муратов Ж.К., м.и.к. Жунусов А.Т. жана Иметова Ж.Б. сөзгө чыгышып, 2024–2025-окуу жылы ичинде эл аралык медицина факультетинин кафедра башчылары тарабынан жүргүзүлгөн иштерге кеңири баа беришти. Алар өз сөздөрүндө кафедралардын ишмердүүлүгү факультеттин стратегиялык өнүгүү багыттарына ылайык жүргүзүлгөнүн, белгиленген натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн негизинен аткарылганын жана жүргүзүлгөн иштер билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө өбөлгө түзгөнүн белгилешти. Ошондой эле алар айрым көрсөткүчтөр боюнча ишти мындан ары да күчөтүү зарылдыгына токтолуп, жалпы жыйынтыгы боюнча кафедра башчыларынын ишмердүүлүгүн канааттандырарлык деп табууну сунушташты.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. 2024–2025-окуу жылы үчүн Эл аралык медицина факультетинин кафедра башчыларынын ишмердигинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы боюнча отчётун канааттандырарлык деп табылсын.

Сканировано с CamScanner

2. 2025–2026-окуу жылында микроквалификациялык курстарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча иштерди уюштуруу кафедра башчыларына жүктөлсүн.
3. Аталган көрсөткүчтөрдүн аткарылышына мониторинг жүргүзүү факультеттин окуу иштери боюнча декандын орун басары Джумаева Л.М.га жүктөлсүн.

**Төрага:** **Р.К. Калматов**

**Катчы:** **Н.М. Ташматова**

Сканировано с CamScanner